КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXII СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2-октябрь 2026-жыл **№ 2** Октябрь айылы

Спорттук мелдешке Ю-20 жаштар арасындагы иш-чарага бөлүнгөн 89 100сом акча каражатын социалдык камсыздоо бөлүмүнө жылдырып берүү жөнүндө.

Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 01-октябрындагы № 01-15/159 сандуу катын негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин кезектеги XXII сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 01-октябрындагы № 01-15/159 сандуу “2026-жылга бекитилген башкаруу бөлүмүнөн спорттук мелдешке Ю-20 жаштар арасындагы иш-чарага бөлүнгөн 89 100 сом акча каражатын социалдык камсыздоо бөлүмүнө жылдырып берүү жөнүндө” катынын негизинде социалдык камсыздоо бөлүмүнө жылдырууга уруксат берилсин.
2. 2026-жылга бекитилген башкаруу бөлүмүнөн спорттук мелдешке Ю-20 жаштар арасындагы иш-чарага бөлүнгөн 89 100 сом акча каражатын социалдык камсыздоо бөлүмүнө жылдырып берүүгө тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Таевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясынын төрайымы Ж.Маматкановага жүктөлсүн.
5. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

Төраганын орун басары **Ч.Мурзаканов**